# Токтом

**Мөөнөтү:** 16.11.2022-ж.
**Катышкан ата-энелердин саны:** 16
**Каралуучу маселелер:**

1. 1-чейректин жыйынтыгы окуучулардын билим сапаты.
2. Балдардын жүрүм – турумдары жана коомдук иштерге аралашуусу.
3. “Көк бөрү” оюнундагы коопсуздук.

Чогулуштун баштапкы сөзүн класс жетекчи Насыпбек уулу Шеримбек ачып берип, ошону менен катар 8-класс боюнча маалымат берип өттү.

1-чейректин жыйынтыгында билим сапат абдан төмөн болуп 14%ды түздү. 3 эң жакшы окуган окуучу, ал эми калгандары канааттандыраарлык деңгээлде окушат.

Балдар мектептен себепсиз калып, сабактарга дайындыгы жок келген окуучулар аз эмес. Ал эми коомдук иштерге, класстан тышкаркы иш-чараларга кайдыгер караган окуучулар көп.

“Көк бөрү” оюну жаш өспүрүмдөр үчүн абдан кооптуу оюн болгондуктан окуучуларга ойноого болбойт деп көп ирет айтып түшүндүрүп келебиз. Бирок Көк бөрү оюнуна кызыккан окуучулар көп. Окуучулардын коопсуздук маселесин кантип чечебиз?

Ата-энелер тараптан Джангазиева Майраш сөз баштап, окуучулардын билим сапатын көтөрүү учүн ата-эненин ролу жогору экенин баса белгилеп, “Биз балдарыбызды жакшылап көзөмөлгө алышыбыз керек. Мисалы: сабактан келгенде, мектепке кетип жатканда, ошондой эле үй тапшырмасын аткарганын”. Жарыш сөзгө Кадыралиев Айбек кошулуп “ Бул айтылгандар туура, балдарды тыкыр көзөмөлгө алыш керек, анан мен айта турган ой мындай: Көк бөрү оюнун биз тыйбашыбыз керек. Себеби: биз айыл жергесинде тургандыктан кыш мезгилинде балдар ойной турган башка оюндар жок, ал эми Көк бөрү оюну биздин улуттук оюн. Ал балдарды шамдагайлыкка, ыктуулукка, ж.б. көп жакшы нерселерге үйрөтөт” – деп сөзүн аяктады.

Класс жетекчи мындай кооптуу оюнду жаш өспүрүмдөрдүн ойноосуна каршы экенин билдирип, балдардын коопсуздугун колуна ала албастыгын жана бул милдетти ата-энелерге сунуштады. Ата – энелер бир добуштан колдоп беришти.

## Чечим кабыл алынды

1. Балдардын окуусуна ата-энелер тарабынан колдоо күчөтүлсүн.
2. Окуучуларды мектептен сырткаркы убакта ата-энелер тыкыр көзөмөлгө алсын жана окуусуна баардык шарттар тзүлсүн.
3. Көк бөрү оюнундагы коопсуздукту ата-энелер колго алсын.

# Токтом

**Мөөнөтү:** 16.11.2022-ж.
**Катышкандар:**
Ата-энелер: 12
Жаш өспүрүм балдар менен иштөө инспектору: М.А. Саякбаев

**Каралуучу маселе:** Окуучулар арасындагы конфликтти жөнгө салуу.

Класс жетекчи Насыпбек уулу Шеримбек мындай шашылыш жыйналыш уюштургандын себебин ата-энелерге түшүндүрүп берди. “Бүгүн 4-саат бүткөндөн кийин танапис убагында Бейшенкулов Канат менен Аскаров Жаныбек уруша кеткен. Канат ызаланып үйүнө чуркап кетип калган.  Ошол убакта Апасы Орозобекова Назира өзү мугалим болгондуктан окуяны ошол замат билген. Ал эми Канат үйүнө барып,  атын токуп минип, камчыланып келген жана өзүнүн классташ балдарына бычак менен ат үстүндө  кол салууга аракет жасаган”- деп окуяны кыскача айтып  берди.

Бейшенкулов Канат бул окуяны мындайча түшүндүрдү. “ Мени классташ балдарым араларына кошпой ар дайым бөлүшөт, кээде кемсинткен сөздөрдү да айтышат. Мынай бөлүнүү азыр эле эмес көптөн бери уланып келет. Жаныбек менен эле урушканым үчүн бул ишке барган жокмун, бул ишке барышыма көптөн берки бөлүү, кемсинтүү себеп болду.”

Аңгыча ата-энелер тараптан Тырготова Жазгүл сөз баштады. “ Урматтуу окуучулар бул кылганыңар туура эмес, бир класста окуп, ушунча жыл чогуу жүрүп анан эмне үчүн мындай кыласыңар? Бул кылганыңар туура эмес”-деген сөзүн айтты.

Саякбаев Мирлан  “Балдар бул жоругуңар жакшы иш эмес, ал эми Канат сенин бул кылганың үчүн мыйзам алдында жооп берип калышың толук мүмкүн”- деп эскертти.

Жарыш сөзгө Кулахматова Мунара “Эми бир айылбыз, ага тууганбыз, балдарды элдештирели, балдар Бейшенкулов Канаттан кечирим сурашсын, ал эми Канаттын кылганына эскертүү берилсин”-деген сунушун берди.
Бул сунушту ата-энелер туура көрдү жана колдошту.

Чечим кабыл алынды

1. Бейшенкулов Канаттан окуучу балдар кечирим сурашсын.
2. Адам өмүрүнө коркунуч келтирген куралды колдонбоо жана мектепке алып келбөө эскертилсин.